**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**долбоор**

# «ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ»

**предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдардын 7-9-класстары үчүн**

**ПРОГРАММА**

**БИШКЕК – 2023**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ»
**предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдардын**
**7-9-класстары үчүн**
# ПРОГРАММА

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 7-9-класстары үчүн «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети боюнча предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан.**

**БИШКЕК – 2023**

**Түзүүчүлөр:**
1. **Иманкулов Муратбек Калматович,** педагогика илиминин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын жетектөөчү илимий кызматкери;
2. **Козубаева Бурул Увайдуллаевна,** Кыргыз билим берүү академиясынын ага илимий кызматкери;
3. **Курманалиев Кубат Аманович,** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценттин м.а.

**МАЗМУНУ**

**ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ ........................................................................................ 4**
**МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР.................................................................... 6**
**«Диндердин өнүгүү тарыхы» ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНУ.................. 10**
**ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАШТЫРУУ ......................................................... 10**
**КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР (МАЗМУНДУК МИНИМУМ) ............... 23**
**НЕГИЗГИ ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТЕРДИН СИСТЕМАСЫ. .........26**
**КОЛДОНУЛГАН БУЛАК ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ....... 28**

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Жалпы билим берүүчү уюмдарда окутуу үчүн киргизилип жаткан «Диндердин өнүгүү  тарыхы» предмети боюнча 7-9-класстар үчүн программа төмөнкүлөрдүн негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-ж.);
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү мыйзамынын» (2019-ж.);
- Кыргыз Республикасындагы жалпы билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын (2022-ж.);
- Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) 7-9-класстары үчүн «Диндердин өнүгүү  тарыхы» предмети боюнча предметтик стандарты (2022-ж.);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн 2023-2024-окуу жылынын Базистик окуу планы.

Кыргыз Республикасы светтик мамлекет болуп саналат, жарандардын дин тутуу жана ишеним эркиндигине болгон укуктарын ишке ашырууга кепилдик берет, диний уюмдарга карата бейтараптуулукту сактайт, диний чөйрөдөгү процесстерди натыйжалуу укуктук жөнгө салууну жана коомдук коопсуздукту камсыз кылат.

Кыргызстанда бир дагы дин мамлекеттик же милдеттүү эмес, дин жана бардык культтар мамлекеттен бөлүнгөн, мамлекеттик органдардын ишине диний бирикмелердин жана дин кызматкерлеринин кийлигишүүсүнө тыюу салынган.

Социалдык багыттан алып караганда дин – инсандын руханий муктаждыктарын канааттандыруучу кубулуш болуп саналат. Ал эми заманбап коомдун руханий баалуулуктарын канааттандыруу үчүн интернеттен жана башка расмий эмес булактардан дин, диний агымдар тууралуу маалымат алуусу мамлекеттин коопсуздугу үчүн коркунучтуу болуп саналат.

Ушул шартта жарандардын дин боюнча түшүнүгүн кеңейтүүгө, көз карашын туура калыптандырууга жардам берүүдө биринчи орунда билим берүү тармагы турат. Жалпы билим берүүчү уюмдарда педагогикалык принциптердин негизинде, системалуу түрдө дүйнөлүк диндер, алардын маданияты жана баалуулуктары тууралуу билим берүү зарыл. «Диндердин өнүгүү тарыхы» тууралуу билимдер окуучуларды кабыл алган маалыматтарды сынчыл көз караш менен анализдөөгө, улуттук баалуулуктарга жана мамлекеттин саясатына каршы келбегендей ишмердүүлүк жүргүзүүгө багыт берип, динге болгон сабырдуулукка тарбиялайт.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» сабагын Жалпы билим берүү уюмдарга киргизүүнүн негизги өбөлгөлөрү:

- диний сабырдуулук аркылуу конфессиялар аралык диалогго шарт түзүү;

- жарандардын динге болгон мамилесине карабастан тынчтыкта жашоого багыттоо;

- руханий-адептик тарбиялоо жана сергек жашоо образын пропагандалоо;

- жаштардын арасында ар кандай укук бузуулардын алдын алуу;

- укуктук маданиятты калыптандыруу;

- радикалдык, экстремисттик жана террористтик уюмдардын жана бирикмелердин мамлекеттүүлүккө жана улуттун руханиятына тийгизген терс таасирине каршы күрөшүү болуп саналат.

Программа үч бөлүктөн турат:

- методикалык сунуштар,

- предметтин мазмуну,

- күтүлүүчү натыйжалар.

«Методикалык сунуштар» – предметтин структурасы, мазмундук сызыктары, предметтик компетенттүүлүктөр, окутуунун формасы жана методдору, баалоонун ыкмалары тууралуу маалыматтарды камтыйт.

«Предметтин мазмунунда» класстар боюнча ар бир бөлүмдөрдөгү темалар жана аларга бөлүнгөн сааттар көрсөтүлгөн.

«Күтүлүүчү натыйжалар» – ар бир класстагы окуу материалын окуп-үйрөнгөндөн кийинки окуучунун билиминин деңгээлин жана компетенттүүлүгүн аныктайт.

Аталган программа негизги жана милдеттүү нормативдик документ катары кабыл алынып, «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн автордук программаларды иштеп чыгууда жана ОМКларды түзүүдө авторлор жана түзүүчүлөр тарабынан негиз катары алынат.

Программаны ишке ашыруу мөөнөтү 2023-2024 – окуу жылдары болуп эсептелет. Кийинки окуу жылдары программага өзгөртүүлөр киргизилип, толукталышы мүмкүн.

Программаны ишке ашырууну көзөмөлдөө иши Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрилиги жана билим берүүнүн жергиликтүү башкаруучу органдары тарабынан жүргүзүлөт.

## МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

***«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин негизги максаты*** *– окуучуларда дүйнөлүк диндердин пайда болуу, өнүгүү жана ишмердигинин тарыхы, алардын коомго тийгизген таасири жөнүндө* билимди *калыптандыруу; адеп-ахлактын, ыймандын жана диндин адамдын жана коомдун жашоосундагы маанисин* түшүнүү*; конфессиялар аралык диалогду куруу, адеп-ахлактык жана руханий жактан өзүн-өзү өркүндөтүү жөндөмдүүлүгүн* өнүктүрүү*; ар түрдүү маданияттардын, улуттардын, ишенимдердин, социалдык топтордун өкүлдөрү менен позитивдүү өз ара аракеттенүү* көндүмдөрү*; радикалдашууга жана диний кагылышууларга каршы турууга* даяр болуу.

*«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин негизги милдеттери*

**1. Когнитивдик (таанып-билүүчүлүк):**

- диндердин өнүгүү тарыхы боюнча негизги концептуалдык аппаратты өздөштүрүүсүн уюштуруу;
- Кыргызстандын көп түрдүү коому жөнүндө элементардык билимдерди өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;
- Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү социалдык-маданий процесстердин жүрүшү жөнүндө аналитикалык билимдерин калыптандыруу;
- коомдун өнүгүүсүнүн түрдүү этаптарында диний жана адеп-ахлак нормаларынын ортосундагы байланышты түшүнүүгө үйрөнүү

**2. Жүрүм-турумдук (иш-аракеттик):**

- гуманизмге, толеранттуулукка негизделген көп конфессиялуу коомдо инсандар аралык мамилелердин (адамдардын, коомдун ортосунда) калыптанышына көмөк көрсөтүү;
- мамлекет менен диний бирикмелердин өз ара аракеттенүүсү чөйрөсүндө укуктук ченемдерди өздөштүрүүнү, өз иш-аракети үчүн жоопкерчиликтүү болуу көндүмдөрүн калыптандырууга салым кошуу;
- коркунучтуу учурларда коопсуз жүрүм-турум алгоритмдерине ээ болууну камсыз кылуу;
- байкоочулукту өнүктүрүүгө жана адамдын жүрүм-турумун туура чечмелөөгө көмөк көрсөтүү;
- өзүн-өзү таануунун, көп конфессиялуу жана көп маданияттуу коомду түшүнүүнүн жана адекваттуу баа берүүнүн элементардык ыкмаларын өнүктүрүүнү камсыз кылуу

**3. Аффективдик (эмоционалдык-баалуулук):**

- Кыргызстандын адамдык потенциалынын уникалдуулугун, маданияттардын жана социалдык топтордун көп түрдүүлүгүн түшүнүүнү камсыз кылуу;

- өзүнүн жүрүм-турумун жана башка адамдардын иш-аракеттерин руханий-адептик баалуулуктар жана жүрүм-турум нормалары менен салыштыруу жөндөмүн калыптандыруу;

- руханий, адеп-ахлактык, этикалык жана эстетикалык тарбиянын негизинде өзүн Кыргызстандын жараны катары тынчтыктын, теңдиктин, инклюзивдүүлүктүн жана адам укуктарын урматтоонун духунда көрсөтүүгө даярдыгын калыптандыруу;

- үй-бүлөлүк баалуулуктардын, мекенчилдиктин, адеп-ахлактуулуктун, укуктук мамилелердин негиздерин калыптандыруу;

- окуучулар тарабынан дүйнөнүн маданий жана диний көп түрдүүлүгүн кабыл алууга, ар кандай маданиятка жана анын алып жүрүүчүлөрүнө кайрымдуу мамиле жасоого көмөктөшүү.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарындагы «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети 7-9-класстарда төмөнкүдөй ырааттуулукта окутулат:

**1-таблица. «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин окуу жүктөмү**

| Класс | Предмет | Жумасына | Жылына |
|---|---|---|---|
| 7 | Диндердин өнүгүү тарыхы | 1 | 34 |
| 8 | Диндердин өнүгүү тарыхы | 1 | 34 |
| 9 | Диндердин өнүгүү тарыхы | 1 | 34 |

Ар бир класстагы материалдар предметтин мазмундук тилкелерине ылайык жайгаштырылган. Мазмундук тилкелер – предметтин негизги компоненттерин аныктайт, бардык бөлүмдөр жана темалар аркылуу өтүүчү анын мазмунунун, негизги түшүнүктөрүнүн өзөгү болуп саналат. Кандай гана дин болбосун, анын жашоосунун мазмунун да, уюштуруучулук жагын да ачып берген бир катар позициялар аркылуу мүнөздөөгө болот. Ушуга байланыштуу, стандарт 3 мазмундук тилкени баса белгилейт:

- руханий, адеп-ахлактык баалуулуктар
- диндин тарыхый мейкиндиги
- диний негиздерди таанып-билүү

Предметтин мазмундук тилкелери предметтик стандартта толук ачып берилген.

**Компетенттүүлүк мамиле** - «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинде жетектөөчү болуп саналат. Аталган предметтин максатына жана милдеттерине ылайык компетенттүүлүк мамиленин негизинде төрт предметтик компетенттүүлүктөр бөлүнүп көрсөтүлөт. Предметтик компетенттүүлүктөр – негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча

жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө анык бир предметтердин материалдары менен аныкталат. Алар аталган предметти окутуу процессинде калыптандыруучу негизги жөндөмдүүлүктөр болуп эсептелет.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин предметтик компетенттүүлүктөрү:

- **Дин таануучулук компетенттүүлүк** – бул динди, диний кубулуштарды жана фактыларды акыл-эстүү түшүнүү, аларга баа берүү, өзүнө жана башка адамдарга социалдык, психологиялык, руханий жактан зыян келтирбестен аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.
- **Жарандык компетенттүүлүк** – демократиялык коомдо инсанга жарандык укуктардын жана милдеттердин комплексин жигердүү, жоопкерчиликтүү жана натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү жөндөмдүүлүктөр.
- **Руханий-адептик компетенттүүлүк** – адамдын өзүнө, башка адамдарга, коомго, мамлекетке, бүтүндөй дүйнөгө болгон мамилесин салттуу моралдык нормалардын жана моралдык идеялардын негизинде баалоо жана аң-сезимдүү куруу жөндөмдүүлүгү.
- **Көп маданияттуу компетенттүүлүк** – башка маданияттарды жана диндерди түшүнүүгө жана сыйлоого негизделген көп улуттуу, көп маданияттуу жана поликонфессиялык чөйрөдө жигердүү жана натыйжалуу жашоо жөндөмдүүлүгү, ар кандай улуттагы, расалык, ишеним, курактагы адамдар менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

Диндердин өнүгүү тарыхы предметтик компетенттүүлүктөр менен бирге негизги компетенттүүлүктөрдү дагы калыптандырат. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы предметтик стандартта көрсөтүлгөн.

**«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин окутуу боюнча сунуштар:**

Билим берүүнүн дин аралашпаган (светтик) мүнөзү, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы саясатынын негиз болуучу принциптеринин бири болуп саналат. Ал Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана тиешелүү мыйзамдарда бекемделген. Анын маңызы, билим берүүнүн жана тарбиялоонун мамлекеттик системасы, динге карата тигил же бул көз карашты калыптандыруу максатын көздөбөгөндүгүндө болуп саналат.

Жалпы билим берүүчү мекемелерде атеисттик да, диний да пропагандага жол берилбейт. Билим берүүчү мекеме динге нейтралдуу жана динге карата тигил же бул мамилени калыптандыруу максатын көздөбөйт.

Дин аралашпаган (светтик) мектеп, динге ишенүү же ишенбөө принцибин сактоонун гарантынын ролун ойнойт. Баланын кызыкчылыктарына жана конституциялык укуктарына кепилдик берилип, динге ишенүү же ишенбөө жана диний ишенимдерин эркин тандоо мүмкүнчүлүгү камсыз кылынат.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин окутуу процесси дин боюнча илимий теорияларды, тарыхый фактыларды камтып, окуучунун динге байланыштуу түшүнүктөрүн бекемдеп, анын дүйнөгө болгон көз карашын илимий жактан кеңейтиши жана калыптандыруусу зарыл. Окуучунун көп маданияттуу коомдо жашоо, ар түрдүү диндердин маданиятын түшүнүү жана урматтоо, жүрүм-туруму үчүн өзүнө жоопкерчиликти ала билүү, биргелешкен чечим кабыл алууга катышуу, ар кандай пикир-келишпестиктерди сүйлөшүү жолу менен жөнгө салуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруусу керек. Ошондой эле, расалык, этностук жана гендердик дискриминацияга жол бербөө, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгын таанууга багытталышы маанилүү.

## **Окутуунун формалары жана методдору**.

Диндердин өнүгүү тарыхы предметин окутууда салттуу, активдүү жана интерактивдүү методдорду айкалыштырып колдонуу сунушталат. Бул окутуу процессинде окуучулардын улуттук баалуулуктарга, диндердин жана диний ишенимдердин өнүгүү тарыхына жана адеп-ахлактык нормаларга байланыштуу түшүнүктөрдү, принциптерди жана окуу материалын жеке, жуптук жана топтук ишмердүүлүк аркылуу окуп-үйрөнүүгө жана өздөштүрүүгө жардам берет. Заманбап технологияларды жана ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын сынчыл, аналитикалык жана клиптик ой-жүгүртүүсүн өстүрүү; окуу материалын анализдөө, синтездөө, жыйынтыктоо көндүмдөрүн; маалымат менен иштөө, өз көз карашын билдирүү жана алган билимин практикада колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу керек.

## **Баалоо**

Диндердин өнүгүү тарыхын окутууда журналга баа коюлбайт.

## «ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ» ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНУ ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАШТЫРУУ

### 7 класс ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ (жумасына 1 саат, жылына 34 саат)

**Киришүү (1 с.).**

### I бөлүм. БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШТЫН ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИ.

**1-тема. Дин деген эмне? (1 с.)**

Дин кандайча пайда болду? Дин тарыхый кубулуш катары. Алгачкы адамдын көз карашы. Адам эмне үчүн уктайт? Өлүктү көмүү түшүнүгүнүн пайда болушу, өлгөндүн жаны.

Диндин пайда болуу себептери. Дүйнө жүзүндөгү диндердин көп түрдүүлүгү. Дүйнөлүк жана улуттук диндер. Диндердин тарыхын окуунун мааниси эмнеде?

Диний ишенимдер тууралуу маалымат. Диний ишенимдердин адамдын жашоосундагы ролу жана орду. Адамдын жана диндин өз ара мамилеси.

**2-тема. Алгачкы диний ишенимдер (2 с.).**

Адамдын пайда болушу жана жердин (Ааламдын) жаралышы жөнүндө мифтер жана уламыштар. Анимизм. Анимизм - «Жандын» денеден бөлүнүшү. Кыргыздардын анимизм менен байланышкан көз караштары. Тотемизм - Жаныбарларга жана дарактарга сыйынуу. Кыргыздардын тотемдик элестөөлөрү. Тумар тагуу. Фетишизм - Жансыз нерселерге сыйынуу. Саймалы-Таш аска бетиндеги сүрөттөр. Магия. Магия - дубалоо жана сыйкырлоо. Шаман деген ким? Кыргыздардагы шаманчылык.

**3-тема. Түрк элдеринин байыркы ишенимдери** (2 с.).

Теңир ишеними – түрк элдеринин цивилизациясынын негизин түзгөн философиялык-диний окуу. Теңир ишениминин негизги принциптери жана окуулары–түрк элдеринин жана кыргыздардын дүйнөнү кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрүнүн фундаменти.

Дүйнөнүн жаралышы жөнүндөгү элестөөлөрү. Теңирге сыйынуу. Жогорку саясий бийликке сыйынуу, каганга сыйынуу. Каада-салттар, жөрөлгөлөр жана үрп-адаттар. Руналык жазуулардын эстеликтери.

**4-тема. Байыркы Месопотамиянын дини (2 с.).**

Зиккурат – кудайлардын турагы. Топон суу жөнүнөгү уламыш. Кудайдын дарбазасы. Шумерлердин, вавилондуктардын, ассириялыктардын жана халдейлердин кудайлары жана баатырлары.

**5-тема. Байыркы Египеттин дини (2 с.).**

Египеттеги кудайлар пантеону. Фараондорду кудайга теңөө. Көмүү жөрөлгөсү. Осирис жана Исида жөнүндөгү уламыштар. Пирамидалар жана сфинкстер. Монотеисттик динди орнотуу үчүн Фараон Эхнатондун реформасы.

**6-тема. Зороастризм (2 с.)**

Зороастризм – эң байыркы дин. Заратуштра же Зороастр. Зороастризмдин Персияга, Жакынкы Чыгышка таркашы. «Авеста» зороастризм динин канондору жазылган ыйык китеп. Зороастризмдеги кудайлар. Нооруз – Жаңы Жылды тосуу – жаратылыштын түбөлүк жаңылануусунун символу, зороастризмдеги салтанаттуу жана шаңдуу майрам. Этикалык үчтүк: жакшы ойлор, жакшы сөздөр жана жакшы иштер – зороастрийсттердин нраваларынын негизин түзгөн. От – тазалыктын, жаңылануунун, жамандыктан бошонуунун символу. Отко сыйынуу – кыргыздардын жаратылыш менен байланышынын элементи.

**Кайталоо (1 с.)**

## II бөлүм. УЛУТТУК ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР

**7-тема. Индуизм – улуттук дин (2 с.).**

Улуттук диний ишенимдер тууралуу жалпы түшүнүк.

Индуизм жана андагы негизги багыттар. Брахманизмдеги жаңы агым - Упаншидалар. Атман, сансара, дхарма, карма. Аскеттик турмуш деген эмне? Брахманизмге каршы баш көтөргөн Махавира. Джайнизм. Анын келип чыгышы. Окуусу. Ахимса – жандыктарга зыян келтирбөө принциби. Шветамбарлар жана дигамбарлар.

**8-тема. Даосизм (2 с.)**

Дао жана даосизм. IV-III кк. Кытайда философиялык окуу катары даосизмдин пайда болушу. Даосизмдин беш элемент жөнүндө окуусу. Жаратылыш менен жакшы мамиледе болуу. Даосизмдин ыйык китеби – «Лао-цзы» (же «Дао дэ цзин»). Даосизмдеги негизги түшүнүктөр – дао (дүйнөнүн жаралышы, жалпы мыйзам, чексиздик), дэ (даонун көрүнүшү), у-вэй (недеяние). Даосизмдеги кудайлар пантеону.

**9-тема. Конфуцийдин окуусу (2 с.)**

Конфуций эмнеге окутат? Жэнь жана Сяо категориясы. Мамлекет, үй-бүлө, улууну сыйлоо, ата-бабалардын арбагын эстөө жана кадырлоо. Конфуциандыктын башка диндерден өзгөчөлүгү. Ыйык китептери – «Бешкитеп» жана «Төрткитеп». Конфуцийдин ыйык китеби: «Лунь-юй» («Аңгемелер жана ой-толгоолор»).

**10-тема. Иудаизм (2 с.).**

Б.з.ч. II-I миң жылдыктардагы иудаизм дининин жаралышы жана калыптанышы. Негизги өзгөчөлүктөрү. Иудаизмдин негизги агымдары. Иудаизм динindeги кудай Ягвага сыйынуу. Анын ыйык китеби: Танах менен Талмуддун бүгүнкү күндөгү абалы, таралган мейкиндиги.

**11-тема. Синтоизм (2 с.)**

Япондордун байыркы диний ишенимдери синтоизм булагы катары: тотемизм, анимизм, магия, ата-бабалардын арбагына сыйынуу, уруу башчыларга сыйынуу ж.б. VI-VII кк. синтоизмдин япондордун салттуу дини катары калыптанышы. Синтоизмдин саясий мүнөзү. Ыйык китептери – байыркы япон летопистери Кодзики, Фудоки, Нихонги (б.з.ч.VII-VIII кк.). Синтоизмдеги уламыштар жана кудайлардын пантеону. Япониядагы буддизм менен синтоизмдин аралашуусу.

**Кайталоо (1 с.)**

**III бөлүм. АНТИКАЛЫК ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ДИНДЕРИ.**

**12-тема. Байыркы Грециянын дини жана мифтери (2 с.).**

Олимпийлик пантеон. Уламыштар байыркы грек маданиятынын негизи катары. Байыркы Грециянын маданиятындагы диндин таасири. Байыркы Грециянын маданиятынын диний жана светтик жактары.

**13-тема. Байыркы Римдин дини жана мифтери (2 с.).**

Рим коомдук жана рухий жашоосундагы диндин орду. Империядагы диндин таасиринин төмөндөшү антикалык цивилизациянын кризиси катары. Рим империясына чыгыштын диндеринин аралашуусу. Диний синкретизм.

**Кайталоо (1 с.)**

**Жылдык кайталоо (1 с.)**

**Резерв: 4 с.**

**8 класс**
**ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ**
**(жумасына 1 саат, жылына 34 саат)**

**Киришүү (1 с.).**

## I бөлүм. БУДДИЗМ

**1-тема. Буддизм (1 с.).**

Сидхартка Гаутамма – «Арууланган» ханзаада. Б.з.ч. VI к. Индиядагы диний-философиялык система – буддизмдин келип чыгуусунун себептери (б. з. ч. VI к.). Жаңы окуудагы брахманизм идеяларынын уланууучулугу: кайра жаралуу принциби (сансара), жазалоо идеясы (карма), адил жол (дхарма).

**Тема 2. Буддизмдин негиздери (1 саат).**

Будданын окууларынын негиздери. Буддизм ишеними: «төрт асыл чындык», нирвана догмасы, дхарма мыйзамы. Буддачылардын жашоо образынын сегиз осуяты. Нирвана өмүр менен өлүмдүн кишенинен кутулуу катары. Трипитака - буддизмдин негизги ыйык китеби. Буддизмдеги диний культ жана диний уюм (санга). Монастырлар жана Сангха. Буддизмдин политеизми. Индиялык жана жергиликтүү кудайлардын буддисттик пантеонундагы ассоциация.

**Тема 3. Буддизмдин негизги багыттары жана мектептери (1 саат).**

Буддизмдин негизги багыттары: Хинаяна – “куткарылуунун тар жолу” жана Махаяна – “куткарылуунун кең жолу”, тантризм. Кытайда Чан буддизминин, япондук дзен-буддизмдин пайда болушу. Ламаизм буддизмдин бир түрү. Ламаизмдеги каада-салттар.

Буддизмдин негизги мектептери жана алардын окууларын кантип чечмелөө керек. Буддачылардын дүйнө таанымынын системасы жана ой жүгүртүү ыкмасы. Медитация буддизмдеги билимдин жана рухий жактан жетүүнүн негизги формасы катары.

Махаяна же Түндүк буддизм. Махаянадагы бодхисаттвалардын ролу. Важрайана Махаянадагы өзгөчө багыт катары. Тхеравада же түштүк буддизм. Буддизмдин культтук өзгөчөлүктөрү, канондук адабият. Үй-бүлөдөгү ырым-жырымдар.

**4-тема. Буддизмдин Борбордук Азия менен Кыргызстанга тарашы (1 саат).**

Будданын окууларынын Борбордук Азия менен Кыргызстанга тарашы. Кыргызстандын аймагынан табылган буддизмдин тарыхый эстеликтери. Кыргыздардын буддизм же анын багыттарынын бири менен тааныштыгы.

**Кайталоо (1 с.)**

## II бөлүм. ХРИСТИАНЧЫЛЫК

**5-тема. Христианчылык (2 с.)**

Христиан динин пайда болушу. Иисус Христос – диний реформатор. Христиан динин ыйык китеби – Библия. Эски осуят, жаңы осуят. Чиркөөлөрдүн бөлүнүшү.

**6-тема. Православие (1 с.)**

Православиенин христиандык агым катары өзгөчөлүгү. Догматтары. Православие жана маданият.

**7-тема. Протестантизм (2 с.)**

Христиандык агым катары протестантизмдин өзгөчөлүгү. Тарыхый өнүгүшү. Протестанизмдин классикалык агымдары. Мартин Лютер. Лютерандык. Кальвинизм. Англикандык. Баптизм. Протестантизм жана маданият. Протестантизмдин азыркы абалы. Азыркы секталар. Дүйнөдөгү протестанттар. Сайентология.

**8-тема. Католицизм (1 с.)**

Католицизмдин пайда болушу. Рим папасы. Ватикан. Куриялар. Ордендер. Догматтары. Ишеним Символуна кошумча киргизүү. Католиктердин жөрөлгөлөрүндөгү өзгөчөлүктөр. Азыркы абалы. Католицизм жана маданият.

**9-тема. Экуменизм кыймылы (1 с.)**

Экуменизмдин пайда болуу себептери. Түрдүү христиандык конфессиялардын экуменизмге мамилеси. Экуменизмди сындоо жана четке кагуу. Экуменисттик уюмдар.

**Кайталоо (1 с.)**

## III бөлүм. ИСЛАМ

**10-тема. Ислам дининин пайда болуусу жана өнүгүшү (1 с.)**

Исламдын жаралышы. Мухаммед пайгамбардын өмүрү. Пайгамбардын жолун жолдоочулар.

Хижра, анын социалдык жана рухий мааниси. Пайгамбардын Каабага зыяраты. Мадинада мусулман мамлекетин негиздөө. Меккенин кулашы. Исламдын таркашы.

Исламдагы синкретизм: араб урууларынын байыркы диний ишенимдери, иудаизмдин, христиандыктын элементтери жана фетишизм,

тотемизмдин белгилери. Исламдагы сыйынуунун жана окутуунун өзгөчөлүктөрү.

**11-тема. Ыйык Куран – мусулмандардын китеби (1 с.).**

Куран – дүйнөлүк маданияттын диний жана адабий эстелиги катары. Куран жана мусулман элдеринин искусствосу.

Исламдагы Курандын орду жана мааниси. Курандын келип чыгышы, топтоо жана түзүлүшү. Ыйык Куранды чечмелениши жана которулушу. Курандагы окуялар. Куранды окуу нормалары. Кыргыз адабиятындагы Куран.

**12-тема. Сунна – Мухаммед пайгамбардын айтуулары (1 с.).**

Сунна – исламдагы окутуу булагы катары. Ислам окууларындагы монотеизм. Пайгамбардын Суннасы. Сунна ааламдын ачылышынын бир бөлүгү катары. Пайгамбардын жана жол баштоочу халифтердин мезгилиндеги Сунналнын сакталышы. Сүннөттүн тарыхый орду. Кийинки этаптардагы хадисчиликтин өнүгүшү. Хадистердин түзүлүшү жана түрлөрү.

**13-тема. Умма (2 с.).**

Мухаммед — Кудайдын элчиси жана Умманы негиздөөчү. Мухамеддин төрөлүшү жана жаштыгы. Мухаммеддин пайгамбарлык ишмердүүлүгү.

Сунна жана Умма. Шарият: Умма үчүн ыйык мыйзамдар. Ыйык жазуулар жана пайгамбарлыктын үлгүсү. Ислам Уммасы – тарыхты аныкталгын диний жашоо образынын жана маданиятынын коому. Умма – мусулмандардын бирдиктүү коому. Исламдын максаттарын ишке ашыруу: диний жүрүш-туруштарды аткаруучу мусулмандардын коому.

**14-тема. Негизги окуулар (1 с.).**

Аль-иман – Аллахка ишенүү. Чыныгы мусулмандын беш парзы. Жихад. Шарият. Ислам укуктарынын мектеби. Аллага ишенүү. Периштелерге ишенүү. Жазуута ишенүү. Кудайдын элчилерине ишенүү. Кыямат кайымга ишенүү. Исламдын максаттары: жашоодогу жана тиги дүйнөдөгү «ийгиликти» камсыз кылуу.

Тарикат: Кудай менен рухий байланышууга умтулуу.

Мусулман мекемелеринин өкүлдөрү жана анын динамикасы.

**15-тема. Исламдын негиздери (1 с.).**

Сыйынуунун беш парзы жана анын мааниси. Шарият мусулмандардын жашоо образын, коомдогу абалын белгилөөчү мыйзамдардын системасы катары. Исламдагы каада-салттар жана тыюу салуулар.

Ишенүүнүн күбөлөрү. Намаз – мусулмандардын негизги милдети. Орозо – исламдагы ыйык сыр. Зекет – социалдык теңдиктин негизи. Ажылык – Меккеге зыярат кылуу.

**16-тема. Ислам жана коом (1 с.).**

Ислам жана адам укуктары. Ислам кепилдигиндеги адам укуктары. Ислам аялдарынын укуктары. Ислам соттору.

Теңдик принциби. Акыйкаттык принциби. Дүйнөнүн маданияты жана толеранттуулук. Ислам жана айлана-чөйрөнүн тазалаган камсыз кылуу. Ата Мекенди сүйүү.

**17-тема. Исламдагы үй-бүлө (1 с.).**

Исламдын никеге мамилеси. Аялдын статусу. Жубайлардын укуктары жана милдеттери. Ата-энеге жана тууган урукка сый-урмат мамилеси. Перзентин тарбиялоодогу ата-эненин жоопкерчилиги.

**18-тема. Исламдагы адеп-ахлактык баалуулуктар (2 с.).**

Аль-ихсан – исламдагы адеп-ахлак.

Мусулмандардын жашоосу: каада-салттар жана процесстер. Уруксат берилүүчү (адал) жана тыюу салуучу (арам) нерселер.

Туулуу жана балалык. өспүрүм курак жана сүннөткө отургузуу. Никеге туруу. Өлүм жана аны менен байланышкан жөрөлгөлөр. Ислам динамикалык чындык катары.

Мусулмандын адеп-ахлактык сүрөттөлүшү. Мухаммед Пайгамбар – жүрүш туруштагы үлгү жана мугалим. Коомдогу мусулмандын өзүн-өзү алып жүрүүсү. Өз ара жардамдашуу жана достук. Ислам жана сергек жашоо, ден-соолук. Мусулман  майрамдары жана каада-салттары.

**19-тема. Исламдагы багыттар (2 с.).**

Сунниттер жана шииттер – исламдагы эки негизги багыт. Суннизм жана анын өзгөчөлүктөрү. Шииттер: пайда болуу тарыхы, өзгөчөлүктөрү, агымдары жана учурдагы абалы. Шиизмдеги ыйыктарга сыйынуу.

Суфизм. Харижийлер. Мутазилийлер. Муржийлер. Исламдагы мистицизм.

Ваххабизм. Исламдагы ваххабисттик кыймыл. Исламчыл-фундаменталисттер. «Ислам мамлекетинин» чегиндеги социалдык реформаторлор.

**20-тема. Ислам дининдеги диний-укуктук мектептер (1 с.)**

Фикх – ислам дининдеги диний-укуктук эреже жана норма. Диний-укуктук мектептер жана алардын пайда болуу тарыхы. Сунниттик исламдагы негизги төрт диний-укуктук мектеп (мазхаб): Ханафилик, Мааликилик, Шаафийлик, Ханбалилик. диний-укуктук мектептердин (мазхабдардын) өзгөчөлүктөрү. Шииттик исламдагы Джафари мазхабы

**21-тема. Мусулмандык ренессансы. Исламдагы илим жана билим берүү (1 с.)**

Ислам цивилизациясы дүйнөлүк цивилизациянын бир бөлүгү. Дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүнө исламдын кошкон салымы.

Исламдагы илим жана билим берүүнүн орду. Илимпоздор, окумуштуулар, алардын илимге кошкон салымдары, адептик жүрүш-турушка багытталган эмгектери, иштери. Орто кылымдардагы – Мухаммед аль-Фараби, Абу Али ибн Сина, Абу Райхан аль-Беруни. Аль-Хорезми, Аль-Кинди, Закариййа Рази, Мариям аль-Астурлаби, Фатыма аль-Фихри, Улуг Бей, Пири Рейис, Катип Челеби ж.б. Чоң Толедодогу ислам борбору.

**22-тема. Мусулман маданияты жана искусство (1 с.).**

Ислам маданиятынын дүйнөсү. Ислам жана искусство. Мусулман архитектурасы. Мусулман акындар жана жазуучулар: Мавлана Жалаладдин Руми, Кожо Ахмет Ясави, Сопу Аллаяр, Юнус Эмре, Ажы Байрам, Пир Султан Абдал жана башкалар.

Борбордук Азиянын атактуу илим жана маданият ишмерлери. Жусуп Баласагын жана анын «Кут алчуу билим» поэмасы.

Махмуд Кашгари (Барскани). «Дивандын» жазылышы, түзүлүшү, убагы, негизги мазмуну. Башка илимий эмгектери. Алардын коомдогу адамдын жүрүш-турушуна арналган чыгармалары. Мусулман ыйыктары жана аларга элдик исламдагы сыйынуу.

**Кайталоо (1 с.)**

**Жылдык кайталоо (1 с.)**

**Резерв 2 с.**

**9 класс**
**ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ**
**(жумасына 1 саат, жылына 34 саат)**

**Киришүү (1 с.).**

## I бөлүм. КЫРГЫЗСТАНДА ИСЛАМ ДИНИНИН ТАРАЛЫШЫ

**1-тема. Ислам дининин Кыргызстандын аймагына таралышы (1 с.)**

VII-VIII кк. Фергана өрөөнү, Сафид-Булан жана Шах Фазиль баяны. Теңир-Тоого, Жети-Сууга жана Фергана өрөөнүнө исламдын таркоо процесси.

Кыргыздардын исламды кабыл алуусу. Кыргыздар жана «исхаакия», «ышкия» диний уюмдары. Марвазинин мааалыматтары (1120-ж.). «Манас» эпосунун башаттары.

Ислам дининин Кыргызстан аймагына таралуусундагы негизги факторлор (сопулук, олуялык, илим-билим, маданий өнүгүү ж.б.).

**2-тема. Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери жана ислам (2 с.).**

Кыргыз элинин маданияты менен ислам маданиятынын синкретикалык айкалыштары. Элдик билимдер. Элдик календарь. Кыргыздардын космогониялык түшүнүктөрү. Сабаттулук, мектептер жана медрселер.

**3-тема. Кыргыз элинин материалдык маданияты жана ислам дини (1 с.).**

Материалдык маданият: архитектуралык эстеликтер, турак-жайлар. Көчмөн кыргыздардын турак-жайы – боз үй (*боз үй, кара үй, кыргыз үй*). Боз үй жана анын бөлүктөрү. Боз үйгө байланышкан каада-салттар жана ырым-жырымдар.

**4-тема. Жүрүм-турум жана кийинүү маданияты (1 с.).**

Кыргыз кийими, анын улуттук өзгөчөлүктөрү жана кийинүү адеби. Кийим жана анын курамдык бөлүктөрү менен байланышкан үрп-адаттар, ырым-жырымдар, ишенимдер. Кыргыз кийиминин традициялык мүнөзү жана анда болуп өткөн олуттуу өзгөрүүлөр. Балдардын жана кыздардын кийим-кечеги: жаштык жана аймактык өзгөчөлүктөр.

Коомдук жайларда кийимдин таасири. Ар бир мекеменин кийим кийинүү эрежелерине баш ийүү нормасы. Сакал коюу, мурут жана чач өстүрүү сыяктуу инсандык жасалгалары: улуттук нарк-насил жана ислам.

**5-тема. Ислам дини жана кыргыз элинин маданий баалуулуктары (1 с.)**.

Нарк-насил, адат, каада-салт, үрп-адаттар, ырым-жырымдар, баалуулуктар. Үй-бүлөлүк каада-салттар. Ат коюу салты. Тушоо кесүү тою. Меймандостук кыргыз элинин бөтөнчө белгиси. Куда түшүүгө, үйлөнүүгө убадалашуу жана үйлөнүү тою менен байланышкан каада-салттар жана ырым-жырымдар. Кыргыз каада-салт, үрп-адаттарынын трансформациясы. Кыргыздардын каада-салттарындагы Ислам дининин орду

**6-тема. Кыргыз элинин руханий маданияты жана ислам дини (1 с.)**

Кыргыз адабиятындагы Куран. Кыргыз оозэки жана жазма чыгармаларында ислам дининин издери. Руханий маданият: элдик оозеки чыгармачылык, мифтер жана уламыштар, эпикалык мурастар. «Манас» эпосу жана кичи эпостор. Элдик майрамдар. Спорттук оюндар жана көңүл ачуулар. Элдик табыпчылык боюнча маданий мурастар.

**7-тема. Кыргыз элинин нарк-насили, адеп-ахлактык баалуулуктары (1 с.)**.

Улуттук нарк-насили, каада-салт мыйзамдары, кыргыз элинин эрежелеринин жыйындысы, адеби, үрп-адаттары. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун «Улуттук нарк жөнүндө», «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыктары. Ааламдашуу жана жаңы технологиялар шартында руханий баалуулуктарды, үрп-адаттарды, улуттук каада-салттарды, ырым-жырымдарды сактоо жана өнүктүрүү. Азыркы учурдагы үй-бүлөлүк каада-салттар. Мамлекеттик башкаруу системасына улуттук салттардын таасири. Кыргыз каада-салт, үрп-адаттарынын учурдагы трансформациясы.

**Кайталоо (1 с.)**

## II бөлүм. МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН

**8-тема. Советтик доордогу мамлекеттин жана диндин өз ара мамилелеринин проблемасы (1 с.)**

Дин Совет бийлигинин калыптануу жана бекемделүү мезгилинде. Совет мамлекети жана сталинизм мезгилиндеги дин. Дин жана Совет мамлекети Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында. Өнүккөн социализм доорундагы чиркөөнүн жана мамлекеттин өз ара мамилелери.

**9-тема. Кыргыз Республикасы светтик мамлекет (1 с.)**

Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргыз Республикасынын

ченемдик укуктук актылары. Кыргыз Республикасы – укуктук мамлекет. Дин тутуу эркиндиги жана светтик мамлекет.

**10-тема. Азыркы Кыргызстандагы мамлекеттик-конфессиялык мамилелер (1 с.).**

Мамлекеттин жана диний уюмдардын өз ара мамилеси. Кыргызстандагы исламдын кайра жаралуусунун негизги өбөлгөлөрү, критерийлери, тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү. Социалдык мүнөздөгү түрдүү долбоорлорго КР Муфтиятынын катышуусу. Кыргызстандагы жаңы диний агымдар. Жаңы диний агымдардын таасиринин күчөшү.

**11-тема. Кыргызстандагы исламдык диний уюмдар (1 с.)**

Кыргызстандагы исламдын кайра жаралуусунун негизги өбөлгөлөрү, критерийлери, тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү. Республикадагы кайра исламдаштыруу процесси. Мусулмандык уюмдардын ишмердиги. Кыргыз Республикасынын мусулмандарынын дин башкармалыгы (Муфтият).

**12-тема. Азыркы исламдык билим берүү (1 с.)**

Исламдык диний билим берүү системасынын калыптануу процесси. Кыргызстандагы диний билим берүүнүн тарыхый тамырлары. Кыргызстандын аймагында иштеген исламдык окуу жайлар: абалы, проблемалары жана өнүгүү перспективалары. Диний билим берүүнү модернизациялоо.

Динге ишенгендердин ой жүгүртүүсүн өзгөртүү, алардын толеранттуулук даражасын жогорулатуу боюнча иш аракеттер.

**13-тема. Азыркы Кыргызстандагы Ханафий мазхабы жана Матуриди ишеними (1 с.)**

Ханафий мазхабы жөнүндө түшүнүк. Ханафий мазхабы - түшүнүү жолдору. Ханафий мазхабынын Борбордук Азияга таралышы**.**

Имам Аьзам Абу Ханифанын өмүр таржымалы жана ишмердүүлүгү. Кыргызстандын аймагындагы аалымдар.

Абу Мансур аль-Матуриди өмүр таржымалы жана ишмердиги. Абу Мансур аль-Матуриди жана ишеним мектеби. Матуридий ишеним мектебинин өзгөчөлүктөрү.

**14-тема. Азыркы Кыргызстандагы православие (1 с.)**

Христиандык конфессиялар республиканын коомдук-саясий турмушуна аралашуусу. Кыргызстандагы орус Православие чиркөөсү.

**15-тема. Кыргызстандагы протестантизм жана католицизм (1 с.)**

Потестантизмдин ролу жана Кыргызстандын коомдук-саясий турмушуна тийгизген таасири каралат. Протестанттардын миссионердик активдүүлүгү.

**16-тема. Коомдун руханий-адептик абалы жана ислам (1 с.)**

Кыргызстанда исламдык агымдардын коомдук-саясий жана маданий турмушуна тийгизген таасири. Үй-бүлө, коом жана мамлекет алдындагы жоопкерчилик. Үй-бүлөлүк баалуулуктардын сактап калууда исламдык баалуулуктарды пайдалануунун зарылдыгы.

**Кайталоо (1 с.)**

## III бөлүм. ДИН ЖАНА АЗЫРКЫ ДҮЙНӨ

**Тема 17. Азыркы ислам (1 с.).**

Азыркы дүйнөдөгү ислам. Панисламизм. Исламдык диний фундаментализм жана терроризм маселеси. Махдисттик кыймыл. Ваххабизм жана исламдын «тазалыгы» идеясы. Дүйнөлүк ислам мамлекетинин идеясы. Жихад жана шахиддер.

**Тема 18. Ислам догмасынын модернизациясы  (1 саат).**

Мусулман фундаментализми постмодернизмдин көрүнүшү катары. Азыркы исламдын коомдук-саясий окуулары. Ислам жана азыркы улуттук-боштондук кыймылы. Эл аралык ислам кыймылдары жана уюмдары. КМШ өлкөлөрүндө исламдын тараган аймактарындагы улуттук жана диний салттар. Модернизм жана фундаментализм. КМШдагы ислам фундаментализминин көйгөйү.

**Тема 19. Азыркы дүйнөдө диндердин эволюциясы (1 саат).**

Секулярдашуу жана сакралдашуу процесстери. Динчилдиктин деңгээлинин жана мүнөзүнүн динамикасы. Акыйдалардагы, теологиядагы, диний ишмердиктеги, уюмдагы өзгөрүүлөр. Диний уюмдардын жана динге ишенгендердин коомдук-саясий активдүүлүгүнүн күчөшү. Саясий жана улуттар аралык чыр-чатактардагы, коомдук-саясий кыймылдардагы диний фактор. Диний уюмдардын жана динге ишенгендердин азыркы замандын глобалдуу проблемаларын чечүүгө катышуусу

Абийир эркиндигинин концепциясы, коомдун тарыхындагы абийир эркиндигинин практикасынын негизги этаптары. Светтик жана диний билим. Дин жана маалымат каражаттары.

**Тема 20. Азыркы дүйнөдө ислам жана ислам терроризми (1 с.).**

Диний жаңжалдын себеби? Диний радикализм, экстремизм, терроризм жана анын кесепеттери. Саясий исламдын кириши, анын өзгөчөлүктөрү. Аль-Каида. Талибан кыймылы. Ислам мамлекети. Мусулман дүйнөсүнүн маанилүү бөлүгүндө руханий климатты калыптандырууда исламдын ролу.

**Тема 21. Азыркы дүйнөдөгү диний радикализм, экстремизм, терроризм (1 с.).**

Диний радикализм, экстремизм, терроризм жана анын кесепеттери. Саясий исламдын кириши, анын өзгөчөлүктөрү. Аль-Каида. Талибан кыймылы. Ислам мамлекети. Мусулман дүйнөсүнүн маанилүү бөлүгүндө руханий климатты калыптандырууда исламдын ролу.

Кыргызстандагы диний экстремизмдин түрдүү көрүнүштөрүнүн таралуусунун негизги фактолору. Легалдуу эмес «Хизб ут-Тахрир» партиясынын республикадагы ишмердиги.

Салттуу эмес диний кыймылдардын диний сыйынуудан тышкаркы ишмердиктеринин мотивдеринин негизги багыттары, прозелитизмдин конфликттик потенциалынын коомдук турмуштун түрдүү жактарына, ошонун ичинде, өлкөдөгү диний кырдаалга тийгизген таасири.

**22-тема. Салттуу эмес диний кыймылдардын жана прозелитизм проблемасынын өлкөдөгү социалдык процесстерге жана этносаясий кырдаалга таасири (1 с.)**

Салттуу эмес диний кыймылдардын диний сыйынуудан тышкаркы ишмердиктеринин мотивдеринин негизги багыттары, прозелитизмдин конфликттик потенциалынын коомдук турмуштун түрдүү жактарына, ошонун ичинде, өлкөдөгү диний кырдаалга тийгизген таасири.

**23-тема. Ааламдашуу доорундагы диндер аралык диалог (1 с.)**

Диний аң-сезимдеги модернизм жана салттуулук. Диний салттардын көп түрдүүлүгү жана азыркы маданияттагы толеранттуулук көйгөйү.Диний плюрализм. Маданияттардын диалогу. Классикалык диний диалог: прозелиттик, элдик, интеллектуалдык. Азыркы: диндер аралык, конфессиялар аралык, секулярдык диалог. Эл аралык диний уюмдар жана форумдар.

**Кайталоо (2 с.)**
**Жылдык кайталоо (1 с.)**
**Резерв 4 с.**

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР (МАЗМУНДУК МИНИМУМ)
## 7-КЛАСС

- Дин деген эмне экендигин билет, анын пайда болуу себепетерин, тарыхый кубулуш катары өнүгүү динамикасын түшүнөт;
- адамдын коомдо өзүн алып жүрүү нормаларын үйрөнүү менен улуттук жана диний баалуулуктардын негизинде жүрүм-турум эрежелерин үйрөнөт, коомдогу адамдын орду кандай экенин аң-сезимдүү түшүнөт;
- диний ишенимдер тууралуу маалыматтардын негизинде адамдын жашоосундагы ролун жана ордун анализдеп, айытп берет;
- алгачкы диний ишенимдер, алардын өзгөчөлүктөрү, тарыхый эстеликтер, кыргыздардын жашоосундагы ордун түшүнүп, айтып бере алат;
- теңирчилик, анын принциптерин жана окууларын анализдеп, каада-салттагы жана үрп-адаттардагы белгилерин аныктайт;
- Байыркы Месопотамиядагы диний ишенимдер, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтар менен иштеп, тапшырмаларды аткара алат;
- Байыркы Египеттеги диний ишенимдердин өзгөчөлүгү, монотеисттик концепцияга багыт алуу, материалдык жана руханий маданиятка диндин тийгизген таасири тууралуу анализдейт, чыгармачыл эмгек даярдайт;
- Зороастризм дининин келип чыгуусу, маданиятка тийгизген таасири, кыр гыздардын жашоо образына калтырган издери тууралуу көз карашын билдирет;
- улуттук дин деген эмне, улуттук диндердин өзгөчөлүктөрү жана окшоштуктары тууралуу анализдеп, тапшырмаларды аткарат;
- улуттук диндердин пайда болуу тарыхын, улуттук динге айлануу себептерин талдоо жүргүзүп, негизги өзгөчөлүктөрүн, бүгүнкү күндөгү абалы, таралган мейкиндиги тууралуу айтып берет
- Индиядагы байыркы диний ишенимдер, индуизм жана анын багыттары, элдердин жашоо образындагы диний ишенимдердин көрүнүшүн талкуулайт;
- Кытайдагы философиялык окуулар, алардын маңызы, коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүнө кошкон салымы тууралуу пикирин билдирет;
- иудаизм дининин пайда болуусу, калыптануусу жана бүгүнкү күндөгү абалы, таркалуу мейкиндиги тууралуу талкуулап, тапшырмаларды аткарат;
- синтоизмдин башаты, өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтарды анализдейт;
- антикалык цивилизациялардагы диний ишенимдер, коомдогу алардын орду тууралуу чыгармачыл эмгектерди даярдайт;
- диний ишенимдерге аныктама берет жана алардын адеп-ахлак менен байланыштарын айтып бере алат;

- диний ишенимдердеги баалуулуктардын окшоштуктарын таанып билүү жолу менен диний ишенимдердеги баалуулуктардын маанилүүлүгүн туура түшүнө алат;

- улуттук диний ишенимдердеги адептик көрүнүштөр адептик окууларды салыштырып, алардагы адамдын жүрүм-турумуна оң таасир этүүчү белгилерин аныктайт;

- чыгыш диний ишенимдеринин окуулары тууралуу маалыматтарды анализдеп, алардын маанисинин аңдап-түшүнөт;

- диний окуулар, улуттук диндер, дүйнөлүк диндер түшүнүктөрүнө аныктама бере алат

**8-КЛАСС**

- Буддизмдин келип чыгуусунун себептери жана өзгөчөлүктөрү, дүйнөлүк дин катары таркаган мейкиндиги жана заманбап коомдогу орду тууралуу талдоо жүргүзүп, негизги баалуулуктарын белгилейт;

- Христианчылыктын пайда болушу тууралуу малыматтарды анализдеп, таркаган аймагын көрсөтүп бере алат;

- Христианчылыктын негиздери, Инжил жана пайгамбардык миссия тууралуу өз оюн билдирет, христианчылыктын негизги агымдарын жана алардын негиздерин айтып бере алат;

- ислам дининин пайда болуу тарыхын, негизги өзгөчөлүктөрүн, Мухаммед пайгамбардын ишмердүүлүгүн айтып бере алат;

- Ыйык Куран менен Сүннөттүн тарыхый ордун, алардын маңызын анализдейт;

- исламдагы негизги булактар, алардагы адамдын жүрүш-турушун жөнгө салган, оң таасир берген эрежелерди билет, өзүнүн күнүмдүк жашоосунда башкалар менен түзгөн мамилесинде колдоно алат;

- ислам дининин негизги багыттары тууралуу түшүнүктөргө ээ болуп, өз көз карашын билдирет;

- диний-укуктук төрт мазхаб, алардын пайда болуу тарыхы жана өзгөчөлүктөрү тууралуу айтып бере алат;

- исламдагы парздар жана милдеттер, алардын түрлөрү, парз менен милдетти сактоонун коом үчүн маанисин анализдеп, өз пикирин билдирет;

- алынган маалыматтардын негизинде илим-билимдин ислам дининдеги ордун аңдап-түшүнөт, бул боюнча чыгармачыл эмгек даярдайт;

- акын-жазуучулардын ооз эки жана жазма чыгармаларын классификациялап, адеп-ахлак жана динге тийиштүү негизги идеяларын айтып бере алат;

- ислам дининдеги өрнөктүү инсандар: илимпоздор, окумуштуулар, акын-жазуучуларды ысымдарын атап бере алат, алардын үлгүлүү өмүр жолун анализдеп, коомдун өнүгүүсүнө кошкон салымдарына баа бере алат;

- ислам дининдеги ишеним жана ибадат түшүнүктөрүнө аныктама берет, адамдын жүрүм-турумуна ибадаттын тийгизген оң таасирлерин аныктайт;

- ислам дининдеги тарыхый инсандар: Сахабалар тууралуу маалыматтарга ээ болот;

- ханафий мазхабынын булактары, укуктук-усулдук негиздери жана өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзөт, үлгүлүү жактарын белгилейт;

- матуридий акыйдасынын калыптанышы, принциптери жана булактык негиздери тууралуу маалыматтарга ээ болот;

- жалпы адамзаттык баалуулуктар тууралуу түшүнүккө ээ болот, алардын коомдогу адамдардын бирге жашоосундагы маанилүүлүгүн аңдап-түшүнөт;

- жакшы сапаттар менен жаман сапаттарды сүрөттөп бере алат, алардын ортосундагы чекти аныктап, алардын кесепеттери тууралуу айтып берет;

- жакшылык менен жамандыктын адамдын жашоосундагы орду, кайсы бир сапаттарга ээ болуудагы диндин таасирин анализдейт, турмушунда оң сапаттарды колдонууга багыт алат;

- Мухаммед пайгамбардагы адпетүүлүктүн үлгүлөрү тууралуу маалыматтарга ээ болуп өзүнө үлгү катары алат;

- ислам дининдеги адептик баалуулуктар: ата-эне менен болгон мамиле, исламдагы аялды сыйлоо адеби, энеге, эже-карындашка болгон мамиле, туугандар менен болгон мамиле тууралуу окуп-үйрөнгөндөрүн турмушунда жакшы мамиле түзүүдө колдоно алат;

- үй-бүлө мүчөлөрү болгон ата-энени, бир туугандарды, айлана-чөйрөсүндөгү адамдарды жана башка көз караштагы адамдарды сыйлап урматтоону үйрөнөт, башкача жашоо образындагы адамдар менен сабырдуу, сый мамиле түзүү көндүмдөрү калыптанат;

- ислам дининдеги аял затынын орду жана ролу тууралуу так маалыматка ээ болот, улуттук жана диний баалуулуктардагы аялзатынын образын толугу менен түшүнөт, аялзатын сыйлап-урматтап аяр мамиле кылууну үйрөнөт;

- адамдын терс сапаттарын анализдейт: чынчылдык менен жалганчылыктын, аманат менен кыянаттын аралыгын, мамилелерге, жашоого таасир эткен шарапатын жана кесепеттерин аңдап-билет, өзү үчүн туура жыйынтык чыгара алат

## 9-КЛАСС

- Диндердин негиздери деген түшүнүккө аныктама берет, аталган түшүнүктүн айланасында диндерге анализ жүргүзөт;
- адамдын руханий ишмердүүлүгүнүн өзгөчө формасы менен дин тыгыз байланышканын жана коомдук системанын башка элементтери менен бирге аракеттенип аларга таасир тийигизе турганын тактай алат;
- диндердин классификациясын тактап айтып берет, дүйнөлүк жана улуттук диндерди так бөлүп көрсөтүп бере алат;
- диндердин көп түрдүүлүгүн билет, диндердин өнүгүү тарыхын түшүндүрүп бере алат, дүйнөлүк диндердин адамзаттын жашоосунун өнүгүшүндөгү ролун билет;
- VII к. баштап ислам дининин Кыргызстандын аймагына таралышын анализдейт, анын себептерин, шарттарын көргөзөт;
- ар кайсы тарыхый доордо ислам дининин ордун, маанисин белгилеп, Кыргызстан аймагында ислам дининин өнүгүү тенденцияларын айтып берет;
- кыргыз элинин маданияты менен ислам маданиятынын синкретикалык айкалыштарын, кыргыз каада-салт, үрп-адаттарынын транформациясын анализдеп, жыйынтык чыгарат;
- мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусунун негиздерин, диндин руханий функцияларына талдоо жүргүзүп, эгемендүү Кыргызстанда диний ишенимдердин өнүгүүсү тууралуу анализдейт;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана башка ченемдик укуктук актыларындагы дин тууралуу беренелерди билет, өзүнүн ишмердүлүгүндө аларга негизделип иш жүргүзөт;
- Кыргыз Республикасынын светтик мүнөзүнө ылайык дин тутуу эркиндиги, динге, диний уюмдарга карата мамлекеттик саясатты анализдейт;
- адам укуктарынын жалпы декларациясынын принциптери жана ченемдерине ылайык башка диний ишенимдеги, жашоо образындагы адамдарга карата диний сабырдуулукту көрсөтөт;
- конфессиялар аралык ынтымактын коомдун өнүгүүсү үчүн маанилүүлүгүн түшүнөт, өзүнүн диний сабырдуулугун көрсөтөт;
- Кыргызстандагы орус-православ чиркөөсү тууралуу маалыматтарды, христианчылыкта Чиркөөнүн ролу жана ордун анализдейт;
- деструктивдик, экстремисттик жана террористтик уюмдар түшүнүгүнө аныктама берет, алардын кесепеттерин, мамлекеттин тыюу салынган уюмдарга карата ишмердүүлүгүн мисалдар менен айтып бере алат;
- жалпы диндер тууралуу объективдүү көз карашы калыптанат, алган билимин, ээ болгон көндүмдөрүн социалдашуу процессинде позитивдүү багытта колдоно алат.

## НЕГИЗГИ ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТЕРДИН СИСТЕМАСЫ

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-ж.);
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы (2003-ж.);
- Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” Мыйзамы (2008-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы (2021-ж.);
- 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;
- 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы;
- Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандарты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн Базистик окуу планы.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин киргизүү жөнүндө” Жарлыгы (2022-ж).

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАК ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Бартольд В.В. К истории орошения Туркестана/ (город, типограф, изд., год отсутс.). – С.15.
2. Бартольд В.В. Сочинения. - Т.1. Туркестан в эпоху монгольского нашествия[Текст] / М.: Издательство восточной литературы, 1963. - 760с.
3. Бартольд, В.В. История Туркестана [Текст]/ В.В. Бартольд.-Вып 2. Ташкент, 1922. – 50 с.
4. Босворт К.Э. Мусульманские династии. Справочник по хронологии и генеалогии; пер. с анг. П.А. Грязневича [Текст] / М.: Наука, 1971. - 324 с.
5. Исмаилов Ш.А. Матуридий философиялык мектеби: диний-социалдык анализ [Текст] / Ш.А. Исмаилов // Монография. – Бишкек, 2017. – 143 с.
6. Исмаилов Ш.А. Ханафий укуктук мектеби: теориялык-методологиялык анализ [Текст] / Ш.А. Исмаилов // Монография. – Бишкек, 2017. – 280 с.
7. История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в.: Учебник для вузов. – Бишкек: Фонд Сорос-Кыргызстан, 1995. 368с.
8. Караев О. История Караханидского каганата (X - нач. XIII вв.). – Фрунзе: Илим, 1983. - 301с.
9. Массэ А. Очерк истории ислама [Текст] / М., 1982. - С.52.